**Хасан Жээнбаев атындагы мектеп-лицейинин англис тил усулдук бирикмесинин 2022-2023 окуу жылындагы 1-жарым жылдык үчүн түзүлгөн анализи.**

2022-2023 жылына карата топтун иш планын, топ мүчөлөрү талкуулап ушул жылга болгон кандай пландарды койсо болоорун талкуулашты. Окуу жылдын башында иг планды чогу түзүп, анын үстүндө иштөө айтылды. Жаны окуу жылына сунушталган китептердин тизмелери талкууланды. 5,6,7,8 класстар Абдышова Ч., 9,10,11 класстар Юсупова К китептери менен окутуу сунушталып бекитилди. Таланттуу жана окуудан жетишпеген окуучу менен ар бир мугалим иш планын түзүп, аларга папка ачуу сунушталды. Бул окуучулар менен абдан тыгыз иш алып барып, аларды олимпиадаларга даярдоо максаты айтылды. Ал эми окуудан жетишпеген окуучуларга, жөнөкөй тапшырмаларды берип, аларды сабакка тартуу жана кызыктыруу, ата-энелер иш алып баруусу сунушталды.

Мектеп ичиде ноябрь айында англис тилинен олимпиада өткөрүлүп жыйынтыгында жеңүүчүлөр райондук олимпиадага жолдомо алышты.

Экинчи кеңешме боюнча англис тилин үйрөтүүдө угуу (аудирование) окуу, жазуу жана сүйлөө эн негизги ыкмалар боюнча иштөө ар бир мугалимге айтылды. Ушул темада доклад окулуп, ал жактырылды. Баштагыч класстарда англис тилин окутуу жаш өзгөчөлүктөрү менен айырмаланат, мугалимдер өзгөчө көңүл буруусу зарыл. Кеңешмеде ушул маселе талкууланды. Кыргыз Республикасынын Билим жана Илим министрлиги тарабынан 7-февралынан баштап, 7-мартка чейин бир айлык жарыяланды. Бул айлыктын темасы "Англис тили-эл аралык баарлашуунун тили". Мектептин линейкасында болуп өтө турган иш чаралар менен усулдук топтун жетекчиси тааныштырды. Инстаграмм баракчада айлыктын башталышы видео кайрылуу менен берилди. Ушул темаларда ачык сабактар өтүлдү. 21-февраль "Бүткүл дүйнөлүк эне тил" күнүнө карата иш чара 3 тилде өткөрүлдү.

Бул айлыкты жыйынтыктап "American Song Contest-2023" өткөрүлдү. Бул конкурста балдардын англис тилинде ыр ырдоо жөндөмдөрү бааланып аларга белектер жана грамоталар тапшырылды.

У Б жетекчиси: Керималиева Г. Т.

Сканировано с CamScanner